







# ЕВРОПА БИРИМДИГИ – КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ӨНҮГҮҮ ҮЧҮН КЫЗМАТТАШУУ

Бишкек 2022


# ЕВРОПА БИРИМДИГИ – КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ӨНҮГҮҮ ҮЧҮН КЫЗМАТТАШУУ

Европа Биримдиги (ЕБ) жана Кыргыз Республикасы өлкө 1991-жылы эгемендик алгандан бери өнөктөш болуп келет. ЕБнин Кыргызстандагы кызматташтык боюнча иши эки тараптуу, региондук жана тематикалык программалардан турат, алар **ЕБ менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы Өнөктүк жана кызматташтык жөнүндө макулдашуу** менен, **ЕБ-Борбордук Азия стратегиясы** жана **ЕБнин Европаны жана Азияны бириктирүү боюнча стратегиясы** менен жөнгө салынат. Учурда кеңейтилген Өнөктүк жана Кызматташтык жөнүндө жаңы макулдашуу жакын арада күчүнө кирээри күтүлүүдө.

Кыргызстан үчүн Көп жылдык индикативдик программада ЕБнин Кыргызстанга 2021-2027-жылдарда колдоо көрсөтүүсүнүн **2021-2024-жылдарда грант түрүндө 62 миллион евронго чейин** гранттык акча бөлүү менен үч артыкчылыктуу тармагы аныкталган:

## 2021-2027-ЖЫЛДАРГА КАРАТА КӨП ЖЫЛДЫК ИНДИКАТИВДИК ПРОГРАММАСЫНЫН АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАРЫ

### МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ ЖАНА САНАРИПТИК ТРАНСФОРМАЦИЯ



**Мыйзам үстөмдүгүнө** шарт түзүү

**Мамлекеттик башкарууну** өркүндөтүү

Натыйжалуу жана дискриминациясыз **санариптештирүүнү** орнотуу

### АДАМДЫК ӨНҮГҮҮ



Инклюзивдүү жана адилеттүү **сапаттуу билим берүүнү** өнүктүрүү, **санариптик, медиа жана экологиялык жөндөмдөрдү** өөрчүтүү

**Гендердик теңдик, жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн жана адам укуктарын кеңейтүү**

### ЖАШЫЛ ЖАНА КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮНӨ ТУРУКТУУ ЭКОНОМИКА



**Климат жана экологиядагы өзгөрүүлөргө каршы күрөшүүчү кыймылдарды** колдоо жана **суу ресурстарын комплекстүү башкарууга** көмөктөшүү

**Жашыл бизнестин өнүгүүсүн** колдоо

Эки тараптуу программа региондук кызматташууну жана **ЕБнин Инвестициялык фонду, Жогорку билим берүүчү Erasmus+ программасы, COVID-19га туруктуулук, сооданы өнүктүрүү** сыяктуу артыкчылыктуу маселелерди, **ошондой эле коопсуздук жана илим** тармагындагы кызматташтыкты колдоо үчүн кошумча ресурстар менен коштолот.

**Адам укугу, гендердик теңдик, жаштар жана климаттын өзгөрүшү** сыяктуу жалпы приоритеттер, ошондой эле фундаменталдуу принциптер, анын ичинде **"эч кимди артта калтырбоо"** принциби жана **"мурдагыдан мыкты" калыбына келтирүү** зарылдыгы ЕБ менен кызматташууда борбордук орунду ээлейт.


**ЕБнин Кыргызстанга колдоосу ар түрдүү формада ишке ашат,** анын ичинде:

- **Бюджетти колдоо:** туруктуу өнүгүү реформаларына катышкан шартта мамлекетке түз каржылык которуулар;
- Аткаруучу өнөктөштөргө **эки тараптуу жана региондук гранттар;**
- **Блендинг:** мамлекеттик жана жеке инвесторлорду тартуу үчүн, айрыкча инфраструктуралык долбоорлор жана жеке секторду колдоо үчүн кредиттерге кошумчалап гранттарды берүү;
- **Твиннинг:** Кыргызстан менен ЕБнин мүчө мамлекеттеринин ортосундагы өнөктөштүккө жана тажрыйба алмашууга көмөктөшүү.

Global Gateway

Кыргызстандагы кызматташуунун таасирдүүлүгүн мүмкүн болушунча максималдаштыруу үчүн ЕБ **мүчө мамлекеттер менен Team Europe** ыкмасынын алкагында тыгыз кызматташат. ЕБнин артыкчылыктуу тармактары, ошондой эле региондук жана тематикалык иши **БУУнун 2030-жылга чейинки мезгилге карата Күн тартибине, Париж макулдашуусуна жана ЕБнин "Global Gateway" стратегиясына** ылайык келип, өз ара байланыштуу дүйнөдө туруктуу өнөктүккө өбөлгө болот.

# ЕБнин КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНА КОЛДОО КӨРСӨТҮҮСҮНДӨГҮ ИЙГИЛИКТЕРИ



## БИЛИМ БЕРҮҮ

Кыргызстандын билим берүү секторуна ЕБнин колдоосуна таянуу менен билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, гендердик теңдикти ишке ашыруу, ошондой эле Өкмөткө Билим берүүнү өнүктүрүүнүн 2040-жылга чейинки стратегиясын ишке ашырууга жардамдашуу үчүн бюджетке колдоо жана техникалык жардам катары 2022-жылы ЕБ кошумча 32 миллион евро берүүгө милдеттенген. ЕБнин жардамы менен:

- бардык жаңы окуу китептерде, окутуучу-методикалык материалдарда **гендердик жагдайлар эске алынат,**
- бүткүл өлкө боюнча **мугалимдерди диплом алууга даярдоодо көп тилдүү билим берүү программасы киргизилет,**
- **медиа жана экологиялык жөндөмдөрү милдеттүү мектептик билим берүүгө интеграцияланат.**

## САНАРИПТЕШТИРҮҮ

ЕБ Кыргызстандын Өкмөтүнө Санариптик трансформациянын 2020-2023-жылдарга карата концепциясын ишке ашыруу үчүн гранттык негизде өлкөнүн бюджетине 22 млн евро өткөрүп берди. Программа төмөнкүлөргө шарт түздү:

- адилеттүү жана демократиялуу санариптик трансформацияга жардамдашуу үчүн **Жеке маалыматтарды коргоо боюнча агенттикти түзүүгө,**
- шаардык жана айылдык элге электрондук кызматтарды көрсөтүү жана санариптик ажырымды азайтуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын **«Е-Аймак» информациялык системасына интеграциялоого,**
- **киберкоопсуздукту арттырууга** жана айрыкча аялдар үчүн **маалыматтарды анализдөөгө үйрөтүүгө.**

Наркы эки миллион евро болгон кошумча твиннинг-долбоор Кыргызстандын бийликтерине **электрондук башкарууну илгерилетүүгө жардамдашуу** үчүн ЕБ мүчө мамлекеттердин эксперттик билимдерин берет.

## ЧАКАН ЖАНА ОРТО БИЗНЕС

ЕБ Кыргызстанда чакан жана орто бизнестин (ЧОБ) туруктуу болуусуна көмөктөшүп келет.

- PERETO программасынын алкагында мейманкана бизнеси жана туризм секторундагы **740тан ашык ишкерлерге энергияны жана ресурстарды натыйжалуу пайдалануу** маселелери боюнча консультация берилди.
- Ready4Trade **80ден ашык ЧОБго алардын экспорттук потенциалын арттыруу** үчүн жеке техникалык жардам берип жатат, мында аялдарга таандык ишканаларга жана аялдарды иш менен камсыздоого өзгөчө көңүл бурулууда.
- ЕБнин бул жана башка долбоорлору ишканалардын **каражат алып** каржыланышын жакшыртып, **иш орундардын түзүлүшүн** жана **энергиянын үнөмдөлүшүн камсыздады.**

## МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ

**Чек араларды башкаруу боюнча,** ЕБ 2003-жылдан бери Борбордук Азияда чек араларды башкаруунун Бишкек программасынын (БОМКА) алкагында Борбордук Азия өлкөлөрүнө 60 миллиондон ашык евро колдоо көрсөттү. Бул долбоор аймакта коопсуздукту жана тынчтыкты бекемдеп келет, анын ичинде төмөнкүлөр ишке ашырылды:

- транс чек аралык кызматташтыкты өнүктүрүү,
- чек аралык текшерүүлөрдү жана жол-жоболорду жакшыртуу,
- мигранттарды мыйзамсыз алып кирүүнү жана адамдарды сатуунунун алдын-алуу ,
- коррупциянын алдын-алуу жана аныктоо,
- чек ара боюндагы аймактарда элдин жашоо-шартын жакшыртууга жардам.

## МЫЙЗАМ ҮСТӨМДҮГҮ

ЕБ 2014-жылдан бери Кыргыз Республикасына **сот адилеттиги жана мыйзам үстөмдүгү тутумун чыңдоого** 32 миллион евро бөлдү.

ЕБ институттардын ишин бекемдеп, жарандардын укуктарын коргоого жардамдашуу менен ачык-айкындыкка, отчеттуулукка жана коррупцияга каршы күрөшүүгө, мыйзамдуулук процессинин натыйжалуулугун жогорулатып жана кылмыш-жазык системасын гумандаштырууга шарт түзүп жатат.

## КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮНӨ КАРШЫ КҮРӨШ ЖАНА ЖАШЫЛ ЭКОНОМИКА

ЕБнин Инвестициялык фондунун алкагында ЕБ суу менен камсыздоо, энергетика, таштандыларды башкаруу, чакан жана орто бизнес тармактарында 20дан ашык долбоорго грант түрүндө 89 млн евро берди, ошондой эле ЕБРР жана ЕИБ сыяктуу кызыкдар тараптардан кредит жана грант түрүндө дагы 156 млн евро тартты.

15 шаарда жана 8 айылда ЕБ колдоп жаткан суу боюнча долбоорлор **900,000ден ашуун адамга** көмөгүн тийгизип келет, аларда таза суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу жагынан тейлөө жакшырды.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН РЕГИОНДОРУНДА ЕВРОПА СОЮЗУНУН КОЛДООСУНУН МИСАЛДАРЫ






## ЖАРАНДЫК КООМДУН УЮМДАРЫ (ЖКУ)

**ЕБ Кыргызстандын жарандык коомунун жергиликтүү элдин мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтиши, алардын кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоо боюнча потенциалын чыңдоого умтулат.**

ЖКУ башкаруунун субъекттери катары колдоо менен ЕБ ЖКУнун туруктуу өнүгүүсүнө жана социалдык кызматтарды көрсөтүүсүнө, ошондой эле адам укуктарына, гендердик теңдикке, жаштардын укуктары жана мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейишине жана жалпы эле негизги укуктарга шарт түзөт. ЕБнин Кыргызстандын ЖКУ колдоосу **социалдык дискриминация көйгөйүн чечүүгө, сөз эркиндигин илгерилетүүгө**, жаштардын, аялдардын жана жергиликтүү жамааттардын арасында **санариптик жөндөмдөрдү өөрчүтүүгө**, ошондой эле аймактардын **социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө** шарт түздү.

ЕБнин ЖКУ менен өз ара байланышта иштешүүсү “ЕБнин Кыргыз Республикасындагы жарандык коом менен өз ара байланышта иштешүүсүнүн 2021-2027-жылдарга карата жол картасы”, “ЕБнин Кыргыз Республикасы үчүн адам укугу жана демократия жагындагы 2021-2024- жылдарга карата стратегиясы” жана “ЕБнин “Демократиянын жана туруктуу өнүгүүнүн башаттары: Европанын тышкы мамилелерде жарандык коом менен өз ара байланышта иштешүүсү” жөнүндө коммюникеси менен жөнгө салынат.



## ERASMUS+

**Erasmus+, ЕБнин билим берүү, кесиптик даярдык, жаштар жана спорт боюнча программасы, жогорку окуу жайлардын студенттери, жогорку билим берүүчү мекемелер жана алардын кызматкерлери үчүн бир топ мүмкүнчүлүктөрдү сунуш кылат.**

- Erasmus+ 2015-жылдан 2020-жылга чейинки мезгилде: Кыргызстан менен ЕБнин ортосунда **1100дөн ашык студенттер, изилдөөчүлөр жана кызматкерлер үчүн** алмашуу программаларын колдоп келди, бул эки тарапка тең академикалык жана кесиптик жактардан окуп тажрыйба алмашууга мүмкүндүк берди;
- **Erasmus+ кыргызстандык магистранттарга 75тен ашык стипендия берип,** стипендиялар алардын окууга, Европанын эң кеминде эки өлкөсүндө эки же андан көп даража алуусуна көмөктөштү;
- Кыргызстандын **жогорку окуу жайларын модернизациялоого** салым кошулду. Мисалы, Кыргызстандын окуу жайлары Erasmus+ «Жогорку билим берүү тармагында потенциалды өнүктүрүү» программасынын алкагында 80 дей мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланышты.

ЕБ Erasmus+ аркылуу Кыргызстанда 2021-2027-жылдарда жогорку билим берүүдө алмашуу жана деңгээлин жогорулатуу боюнча программаларды мындан ары ишке ашырууга умтулат.

Сайтка өтүш үчүн сканерлеңиз

**Европа Биримдигинин Кыргыз Республикасындагы Өкүлчүлүгү**

Бишкек 720040, Кыргыз Республикасы
Эркиндик бульвары 21, Орион бизнес борбору, 5-кабат

https://eeas.europa.eu/delegations/kyrgyz-republic_en

delegation-kyrgyzstan@eeas.europa.eu

Join @EUinKyrgyzstan: